# Улуттук банктын ноталары

*(2013-жыл октябрь)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Октябрь айында өткөрүлгөн Улуттук банктын ноталарынын беш аукционунда жарыяланган эмиссиянын көлөмү жалпысынан 4,4 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушундай эле көрсөткүчүнөн 37,5 пайызга жогору.

Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү октябрь айында 16,3 пайызга өскөн жана 902,8 млн. сомду түзгөн. Октябрь айында сатуулардын жалпы көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар менен камсыздалган, алардын ичинен ири бөлүгү сатуу түзүмүндө 98,0 пайыз жалпы үлүшү менен үч коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Сатуулардын орточо аукциондук көлөмү кароого алынган мезгил аралыгында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 15,0 пайызга жогорулап, 638,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил аралыгында эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга болгон суроо-талап сунуштардын көлөмүнөн көптүк кылган, ал Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык, бир аукцион үчүн 1,4 млрд. сомго чейин октябрь айынын биринчи декадасында жогорулаган.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү октябрь айында өткөн айдын деңгээлинде сакталып, 4,2 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталар боюнча суроо-талаптын, сатуунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 6,4 пайызга өсүп, 2,9 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин портфелдеринин салыштырма салмагы бир эле мезгилде 59,6 пайыздан 57,5 пайызга чейин төмөндөгөндөн улам, Улуттук банктын ноталарын сатып алуучулардын негизгилеринин бири катары саналган коммерциялык банктардын үлүшү 2,1 пайыздык пунктка, 42,5 пайызга чейин көбөйгөн. Финансылык юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 1,4 пайызга (-5,2 пайыздык пункт) чейин төмөндөгөн, ал эми финансылык эмес юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 3,1 пайыздык пунктка, 56,2 пайызга чейин өскөн. Жеке адамдар, институционалдык инвесторлор жана юридикалык жактар-резидент эместер аукциондорго катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.11.2012 | 1 900,0 | 1 689,7 | 88,9% | 146,1 | 7,7% | 1,3 | 0,1% | 62,9 | 3,3% |
| 01.12.2012 | 1 900,0 | 1 640,0 | 86,3% | 139,0 | 7,3% | - | 0,0% | 121,0 | 6,4% |
| 01.01.2013 | 3 050,0 | 3 006,4 | 98,6% | 13,5 | 0,4% | - | 0,0% | 30,1 | 1,0% |
| 01.02.2013 | 3 379,5 | 3 316,9 | 98,1% | 40,6 | 1,2% | - | 0,0% | 22,0 | 0,7% |
| 01.03.2013 | 3 600,0 | 2 562,7 | 71,2% | 1 036,0 | 28,8% | 1,3 | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.04.2013 | 3 673,1 | 2 019,8 | 55,0% | 1 653,3 | 45,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |